үчүн билим берүүнүн мазмунун, формасын, усулдарын, сааттык көлөмүн камтыган окуу-ченемдик документ.

## «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети боюнча предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасынын мазмуну жана күтүлүүчү натыйжалар

## 9-КЛАСС
## (Жумасына 1 саат, жылына 34 саат)

### I бөлүм. Дүйнөлүк диндердин негиздери

**1-тема. Диндердин негиздери жөнүндө түшүнүк (1)**

Дин деген эмне? Диндердин негиздерин кандай түшүнөбүз?

**2-тема. Буддизмдин негиздери (2)**

Буддизмдин азыркы дүйнөдөгү орду. Буддизмдин негизги багыттары. Будданын окуусунун өзөгүн түзгөн «төрт асыл чындык». Төртүнчү чындыкты сүрөттөгөн кадамдар

**3-тема. Христианчылыктын негиздери (2)**

Христиан дининин калыптануу доору. Христиан дининин негизги белгилери. Ыйык Ата, Ыйык Уул жана Ыйык Рух. Православие жана католик чиркөөлөрүндөгү негизги жети сырдуулук.

### II бөлүм. Ислам дининин негиздери

**4-тема. Ислам дининин негиздери (2)**

Ислам дининдеги негизги булактар. Ислам дининин негиздери (ыйман, ислам, ихсан) жана өзгөчөлүктөрү.

**5-тема. Ишеним (2)**

Ыймандын негиздери. Алла Таалага ишенүү – ыймандын негиздеринин эң биринчиси жана өзөгү.



**6-тема. Ибадат (2)**

Ибадат деген эмне? Ибадаттын бөлүнүшү. Исламдын түркүктөрү. Ибадаттарды аткаруудагы жоопкерчиликтер жана шарттар.

**7-тема. Ахлак (2)**

Ахлак (ихсан) деген эмне? Каада-салттагы адеп-ахлак менен диний ахлактын окшоштуктары жана айырмачылыктары.

**8-тема. Мухаммед пайгамбардын замандаштары: Сахабалар баяны. (2)**

Сахаба деген ким? Алгачкы сахабалар. Мединага көчүү. Пайгамбардын төрт халифи.

### III бөлүм. Кыргызстандагы Ханафий мазхабы жана Матуридий ишеними

**9-тема. Имам Аазам жана Ханафий мазхабы (2)**

Ханафий мазхабы деген эмне? Имам Аазамдын өмүр таржымалы жана ишмердүүлүгү.

**10-тема. Ханафий мазхабынын өзгөчөлүктөрү (2)**

Ханафий мазхабын түшүнүү жолдору. Фикх деген эмне?

**11-тема. Ханафий мазхабынын Кыргызстанга таралышы (1)**

Ханафий мазхабынын таралышы. Кыргызстандын аймагындагы аалымдар.

**12-тема. Абу Мансур аль-Матуридий жана ишеним мектеби (2)**

Матуридий ишеним мектебинин өзгөчөлүктөрү. Абу Мансур аль-Матуридийдин өмүр таржымалы жана ишмердиги.

### IV бөлүм. Мамлекет жана дин

**13-тема. Мамлекет менен диндин өз ара кызматташуусу (2)**